# Мамлекеттик казына векселдер рыногу

*(2012-жылдын март айы)*

**1-график. МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар**




Мамлекеттик казына векселдерин сатуу өткөн айга салыштырмалуу март айында 14,1 пайызга чейин көбөйүп, 427,8 млн. сомду түзгөн. Өсүшкө ээ болуунун негизги себебинен болуп мурдагыдай эле 303,8 млн. сомду түзгөн (+30,4 пайызды) жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон казына векселдерин сатуу көлөмүнүн көбөйүшү болгон, мында жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВларды сатуу 124,0 млн. сомго (+37,8 пайызга) өскөн. Жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВларга бир аз суроо-талаптын бар болгондугуна карабастан, бул баалуу кагаздарды рынокто жайгаштыруу ишке ашырылган жок. Кароого алынган мезгил аралыгында өткөн жылдын июнь айынан бери уланган МКВлардын жалпы кирешелүүлүгүнүн төмөндөгөн тенденциясынын сакталышы байкалган. МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо айлык кирешелүүлүгүнүн чогуу алгандагы көрсөткүчү кароого алынган мезгил ичинде рынокто жайгаштырылган баалуу кагаздардын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн төмөндөшүнүн эсебинен бир ай ичинде 0,1 пайыздык пунктка азайып, 11,9 пайызды түзгөн: жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВлардын кирешелүүлүгү 0,6 пайыздык пунктка, 10,7 пайызга чейин төмөндөгөн, 12 ай болгон МКВлар 12,3 пайызга (-1,1 п.п.) чейин ылдыйлап кеткен.

**2-график. МКВ аукциондордун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү март айында өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 15,3 пайызга төмөндөп, 206,4 млн. сомду түзгөн, сатуунун орточо аукциондук көлөмү 8,7 пайызга 85,6 млн. сомго чейин азайган.

Бюджет тартыштыгын таза каржылоонун өлчөмү март айында МКВларды сатуудан түшкөн каражаттардын эсебинен 30,6 пайызга, 145,4 млн. сомго чейин жогорулаган. Кароого

[1] Аталган көрсөткүч суроо-талаптын/сунуштун ай ичиндеги жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, себеби аукциондордун ай ичиндеги саны туруктуу көрсөткүч болуп саналбайт.

алынган мезгил аралыгында Финансы министрлиги айкын нарк боюнча 213,7 млн. сом суммасында МКВлардын ордун жабууну ишке ашырган. Мында айкын нарк боюнча сатуулардын чогуу алгандагы көлөмүнө карата таза каржылоонун суммардык мааниси катары эсептелүүчү МКВлар рыногунун натыйжалуулугу жыл башынан бери февраль айынын акырына карата көрсөткүчкө салыштырганда 11,3 пайыздык пунктка жогорулап, 2012-жылдын биринчи чейреги үчүн 23,1 пайызды түзгөн. Дюрация ай ичинде 170 күндөн 166 күнгө чейин төмөндөгөн (февраль айында дюрациянын төмөндөшү 5 күндү түзгөн).

**3-график. МКВларды сатуу көлөмүнүн динамикасы**




Өткөн айга салыштырмалуу март айында жүгүртүүдөгү МКВлардын көлөмү 3,8 млрд. сомго (+4,4 пайызга) чейин жогорулаган. Чогуу алгандагы МКВ портфелиндеги алгылыктуу өзгөрүү үлүшү ай ичинде 1,1 пайыздык пунктка, 79,0 пайызга чейин көбөйгөн коммерциялык банктардын тиешелүү көрсөткүчтөрүнө таасир берген. Мында институционалдык инвесторлордун үлүшү 16,6 пайызга (-0,9 п.п.) чейин төмөндөгөн. Суммада 4,3 пайызды түзгөн жеке адам-резиденттердин жана юридикалык жак-резиденттердин үлүшү да ар бири 0,1 пайыздык пунктка кыскарган.

Кароого алынган мезгил аралыгында МВК менен экинчилик рынокто 37,6 млн. сом суммасында эки операция ишке ашырылган.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динами**

*%*

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган киреш-к | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Март'2011 | 14.4 | 8.7 | 11.3 | 15.9 |
| Апрель | 17.6 | - | 12.7 | 19.2 |
| Май | 19.0 | 9.3 | 14.1 | 20.3 |
| Июнь | 18.1 | 9.3 | 15.5 | 21.1 |
| Июль | 18.8 | 9.2 | 15.0 | 20.5 |
| Август | 16.5 | - | 13.6 | 17.0 |
| Сентябрь | 15.3 | - | 13.3 | 15.6 |
| Октябрь | 14.2 | 8.1 | 13.4 | 15.0 |
| Ноябрь | 14.0 | 6.9 | 13.4 | 15.0 |
| Декабрь | 13.4 | 6.6 | 13.3 | 14.9 |
| Январь '2012 | 12.7 | 6.4 | 12.5 | 14.3 |
| Февраль | 12.0 | 6.5 | 11.3 | 13.4 |
| Март | 11.9 | - | 10.7 | 12.3 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

**2-график. МКВ кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банк | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент жеке | | Резидент юридик. | | Резидент эмес адамдар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.04.2011 | 2,736,985.1 | 0.0 | 0% | 2,669,267.0 | 97.5% | 16,750.0 | 0.6% | 0.0 | 0.0% | 50,968.1 | 1.9% | 0.0 | 0.0% |
| 01.05.2011 | 2,808,128.1 | 0.0 | 0% | 2,730,872.0 | 97.2% | 11,250.0 | 0.4% | 2,698.0 | 0.1% | 63,308.1 | 2.3% | 0.0 | 0.0% |
| 01.06.2011 | 2,756,135.1 | 0.0 | 0% | 2,679,623.4 | 97.2% | 3,120.0 | 0.1% | 4,701 | 0.2% | 68,691.1 | 2.5% | 0.0 | 0.0% |
| 01.07.2011 | 2,827,026.1 | 0.0 | 0% | 2,742,201.7 | 97.0% | 0.0 | 0.0% | 7,063.3 | 0.2% | 77,761.1 | 2.8% | 0.0 | 0.0% |
| 01.08.2011 | 2,919,710.1 | 0.0 | 0% | 2,786,906.7 | 95.5% | 33,000.0 | 1.1% | 9,884.3 | 0.3% | 89,919.1 | 3.1% | 0.0 | 0.0% |
| 01.09.2011 | 3,366,523.0 | 0.0 | 0% | 2,875,799.6 | 85.4% | 355,307.9 | 10.6% | 13,669.8 | 0.4% | 121,745.7 | 3.6% | 0.0 | 0.0% |
| 01.10.2011 | 3,511,838.0 | 0.0 | 0% | 2,926,944.6 | 83.3% | 446,727.9 | 12.7% | 14,114.8 | 0.4% | 124,050.7 | 3.5% | 0.0 | 0.0% |
| 01.11.2011 | 3,608,998.0 | 0.0 | 0% | 2,967,376.6 | 82.2% | 504,377.9 | 14.0% | 14,777.8 | 0.4% | 122,465.7 | 3.4% | 0.0 | 0.0% |
| 01.12.2011 | 3,546,108.0 | 0.0 | 0% | 2,896,673.4 | 81.7% | 514,146.1 | 14.5% | 14,122.8 | 0.4% | 121,165.7 | 3.4% | 0.0 | 0.0% |
| 01.01.2012 | 3,579,218.0 | 0.0 | 0% | 2,839,461.4 | 79.3% | 584,286.1 | 16.3% | 16,694.9 | 0.5% | 138,775.6 | 3.9% | 0.0 | 0.0% |
| 01.02.2012 | 3,525,973.0 | 0.0 | 0% | 2,801,197.9 | 79.4% | 570,286.1 | 16.2% | 17,172.4 | 0.5% | 137,316.6 | 3.9% | 0.0 | 0.0% |
| 01.03.2012 | 3,642,003.0 | 0.0 | 0% | 2,839,026.4 | 78.0% | 637,663.9 | 17.5% | 20,192.3 | 0.6% | 145,120.4 | 4.0% | 0.0 | 0.0% |
| 01.04.2012 | 3,802,423.0 | 0.0 | 0% | 3,005,516.9 | 79.0% | 631,709.3 | 16.6% | 18,898.8 | 0.5% | 146,298.0 | 3.8% | 0.0 | 0.0% |